КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**«20» ноябрь 2023-ж № 21/6 Жар-Кыштак айылы**

## ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ XXI СЕССИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

**Ладан-Кара айылындагы Көк-Арт дарыясынын жээгиндеги айыл чарбасында пайдаланууга жараксыз болгон башка жерлер категориясындагы муниципалдык менчик эсебиндеги 3,6 га жер тилкесин элге турак жай куруу үчүн “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которуу (трансформациялоо) жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 4-беренесинин 3-бөлүмүнө, 11-; 12-; 13-; 18-; 25-; 32-; 33- жана 76-беренелерине, 20.10.2021-жылдагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Мыйзамынын 18-беренесине, 15.03.2002-жылдагы №37 “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” Мыйзамынын 2-беренесинин 2-бөлүмүнө, 3-беренесинин 2-бөлүмүнө, 12- жана 13-беренелерине таянып, 15.07.2013-жылдагы №145 “Жерлерди которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.03.2014-жылдагы №169 Токтому менен бекитилген Жобонун негизинде, Ырыс айыл өкмөтүнүн жерге укук берүүчү комиссиясынын протоколун депутаттар талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

Т О К Т О М К Ы Л А Т:

1. Ладан-Кара айылындагы Көк-Арт дарыясынын жээгиндеги айыл чарбасында пайдаланууга жараксыз болгон башка жерлер категориясындагы муниципалдык менчик эсебиндеги №99 (1,0 га), №100 (2,2 га), №102 (0,3 га), №103 (0,1 га) контурларда жайгашкан жалпысынан 3,6 га жер тилкеси элге турак жай куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынын “Айыл чарбасына жараксыз (башка) жерлери” түрүнөн “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Ладан-Кара айылынын аймагындагы Ырыс айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги 3,6 гектар жер аянтын багытын өзгөртүп, “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынын “Айыл чарбасына жараксыз (башка) жерлери” түрүнөн “Калктуу конуштардын жерлери” категориясына которууну колдоп берүү жагы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер маселелери боюнча туруктууу комиссиясынын төрагасы М.Мирзаевке милдеттендирилсин.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Кадиркулов Ш.М.**